U.S. Embassy in the Kyrgyz Republic

Расширяя гражданское пространство вместе

Ассоциация SMART ЖАРАН

НАРГИЗА ЖЕНИШЕВА

# «Коом талкуу» сайтынын ишинин мисалында жарандардын ЧУА долбоорлорун талкуулоого катышуу маселеси боюнча ЖКУлардын мамлекеттик органдар менен өз-ара аракеттешүүсүнүн көйгөйлөрү



# ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ

"Коом талкуу" сайтынын мисалында чечимдерди кабыл алуу процесстерине катышуу укугун ишке ашыруунун натыйжалуулугун аныктоо боюнча илимий-изилдөө иштери "Адам укуктарын изилдөө мектебинин" алкагында жүргүзүлдү.

*"Бул изилдөө "Смарт Жаран" Ассоциациясы тарабынан ишке ашырылып жаткан "Жарандык мейкиндикти бирге кеңейтүү" долбоорунун алкагында АКШнын Кыргыз Республикасындагы Элчилиги тарабынан каржыланды. Бул жерде айтылган көз караштар, пикирлер жана корутундулар же сунуштар авторлордун пикирин билдирет жана сөзсүз түрдө АКШнын Мамлекеттик департаментинин жана Смарт Жаран ассоциациясынын көз караштарын чагылдырбайт.*

**Автору:**

Женишева Наргиза – юридика илимдеринин магистри, жаш изилдөөчү, долбоордун координатору.

Социолог – Нурова Айжан.
Редактор жана котормочу – Абдыбачаева Сабина.

## БАЙЛАНЫШТАР

+996 551 783 204
n.jenisheva@gmail.com

Бишкек 2022 г.

# МАЗМУНУ

04
**Кириш сөз**

06
**I. Порталдын укуктук абалы жана анын ишин жөнгө салуу**

08
**II. Порталдын иши тууралуу маалыматтык мүнөздөмө**

14
**III. ЖКУлардын жана мамлекеттик органдардын порталды колдонуу тажрыйбасы - колдонуучулар туш болгон кыйынчылыктардын сүрөттөмөсү**

14
**3.1. ЖКУлардын порталды колдонуу тажрыйбасынын сүрөттөмөсү**

15
**3.2. Мамлекеттик органдардын порталды колдонуу тажрыйбасынын сүрөттөмөсү**

17
**IV. Корутунду жана сунуштар**

# Кириш сөз

***Коом талкуу - Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоо үчүн бирдиктүү портал. http://koomtalkuu.gov.kg/ru***

КРдин Конституциясынын 1-беренесинде Кыргыз Республикасы “демократиялык жана укуктук мамлекет” деп аныкталган[1]. Ошондой эле, Конституцияга ылайык, өлкөнүн эли мамлекеттик бийликтин жападан жалгыз булагы болуп саналат дагы, жарандар өзүнүн бийлигин шайлоолордо жана референдумдарда же мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу жүзөгө ашырат[2]. Бул деген мамлекет өз ишинде мыйзамдарга жана башка ченемдик укуктук актыларга таянгандыгын жана жарандар бул мыйзамдарды иштеп чыгууга жана кабыл алууга жеке өзү же өкүлдөрү аркылуу катыша алгандыгын билдирет.

Мыйзам чыгаруу органы болгон бийлик бутактарынын бири, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишмердүүлүгү мыйзамдарды иштеп чыгууга жана кабыл алууга арналган. Дал ЖКнын дубалдарында эл тандаган депутаттар тарабынан карапайым жарандардын турмушунун укуктук жагын жөнгө салган мыйзамдар кабыл алынат.

Мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар (ЧУА) - коомдук мамилелерди жөнгө салуучу, уруксат берилген жүрүм-турумдардын чектерин аныктоочу, тыюу салуу керек турган иш-аракеттерди аныктоочу, адамдын жана коомдун укуктарын коргоо механизмдерин бекитүүчү укуктук ченемдер. Кабыл алынган мыйзамдардын сапаты жана практикалуулугу мамлекеттин канчалык укуктук жана коомдогу укуктук маданияттын деңгээли канчалык жогору экенин аныктайт. Мыйзамдарды иштеп чыгуу жана кабыл алуу бүтүндөй бир система болгондуктан, ал белгилүү этаптарга жана ченем жаратуучу ишмердүүлүк менен алектене ала турган субъектилерге бөлүнөт.

Ченем жаратуунун этаптарынын бири коомдук угуулар болуп эсептелет. КРдин “Ченемдик укуктук актылары жөнүндө” мыйзамына ылайык, жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана кызыкчылыктарын түздөн-түз козгогон ЧУА долбоорлору боюнча коомдук угууларды милдеттүү түрдө өткөрүү зарыл[3]. Коомдук угуулар мамлекетте чечимдерди кабыл алуу процесстерине жарандардын катышуусунун механизмдеринин бири болуп саналат. Коомдук угуулар болуп жаткан кезде жарандар жана уюмдар сунушталып жаткан ЧУА долбоорлору боюнча өз сын-пикирлерин жана сунуштарын айта алышат. Ал эми ЧУА долбоорлорунун коомчулук үчүн жеткиликтүү болуусун камсыздоо үчүн иштеп чыгуучулар долбоорлорду расмий сайттарда жарыялашат.

2020-жылы КРдин Юстиция министрлиги эл аралык донорлордун жана жарандык коомдун колдоосу менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун коомдук талкуулоону камсыз кылуу үчүн “Коом талкуу” аттуу бирдиктүү порталды иштеп чыкты[4]. Эми бардык иштеп чыгуучулар өздөрүнүн ЧУА долбоорлорун ушул порталда жайгаштыра алышат.

Портал Кыргыз Республикасы “Ачык Өкмөт” өнөктөштүгүнүн жана 2018-2020-жылдарда Ачык Өкмөттү куруу боюнча бекитилген улуттук иш-чаралар планынын алкагында кабыл алган милдеттенмелердин себебинен түзүлдү[5].

Порталды түзүүнүн максаты - ачык-айкындуулукту, отчеттуулукту, жарандардын башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусун жогорулатууну, ошондой эле жаңы технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп, мамлекеттин натыйжалуулугун жана калктын каалоолоруна жооп берүүсүн камсыздоо.

Андан сырткары, портал жарандарга жана активисттерге сунуштарды жана суроолорду жайгаштыруу аркылуу коомдун турмушуна тиешелүү актуалдуу маселелерди көтөрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Порталдын активдүү колдонуучуларынын бири болуп жарандык коомдун өкүлдөрү, ар кандай топтордун кызыкчылыгын көрсөткөн (бенефициарлар) жана өз жамааттарынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча маселелерди көтөргөн активисттер саналат.

Портал 2020-жылдан бери иштеп келе жатканына карабастан, анын укуктук статусу азыркы убакытка чейин дагы эле белгисиз. Анын үстүнө, сайттагы жарандардын сын-пикирлери жана сунуштары менен иштөө системасы толук өлчөмдө жөнгө салынган эмес.

---

1. *2021-жылдын 5-майындагы Мыйзам менен кабыл алынган “Кыргыз Республикасынын Конституциясы”*: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112213?cl=ru-ru
2. *2021-жылдын КР Конституциясынын 2-беренесинин 2-пункту. Шилтемени жогоруда тапса болот.*
3. *2009-жылдын 20-июлундагы “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” КР Мыйзамынын 22-беренесинин 1-бөлүгү (2020-жылдын 3-апрелиндеги редакцияда):* http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202591?ysclid=l6s2scc82o269100722

# Кириш сөз

**Изилдөөнүн максаты -** “Коом талкуу” сайтынын ишинин мисалында жарандардын чечимдерди кабыл алуу процесстерине катышуу укугун ишке ашыруунун натыйжалуулугун аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

**Төмөнкү суроолорго жооп табуу:**

- Иштеп чыгуучулар эмне себептен бардык комментарийлерге жооп беришпейт?
- Комментарийлерди фильтрациялоо процесси кандайча жүрөт?
- Жарандардын комментарийлери менен иштөөнүн тартиби жана эрежелери кандай?
- Кабыл алынган комментарийлер андан ары кандайча иштетилет?

**Төмөнкүлөрдү ачып көрсөтүү:**

- Колдонуучулар ЧУА долбоорлорунун кайсыларына көбүрөөк комментарий калтырышат?
- Платформаны ким көбүрөөк колдонот? Алар кандай кыйынчылыктарга туш болушат?
- Жарандык коом “Коом талкуу” сайты тууралуу канчалык деңгээлде маалымдандырылган жана ушул сайтты кантип колдонот?

Изилдөөнүн темасы боюнча чечим кабыл алуучулар үчүн алынган маалыматтардын негизинде сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн методтору:**

**1.Кабинеттик талдоо:**

Порталдын укуктук статусун жана портал менен иштөө тартибин изилдөө максатында ченем жаратуу процессин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар (ЧУА) изилденген. Ошондой эле, сайтта кайсы ЧУА долбоорлору жарыяланат, кайсынысына көбүрөөк комментарий жазылат, ушул комментарийлерге жооп берилип жатабы деген суроолорго жооп табуу максатында порталдын маалыматтарына анализ жүргүзүлдү.

**2.Интервью[6]:**

“Коом Талкуу” платформасы менен иштөөдө мамлекеттик органдардын өз-ара аракеттешүү процессине мониторинг жүргүзгөн, ошондой эле сайтты жакшыртуу боюнча ишти көзөмөлдөгөн КРдин Юстиция министрлигинин ЧУА долбоорлорунун экспертизадан өткөрүү бөлүмүнүн башчысы Ызакова Сайра менен маек уюштурулду.

Адвокация суроолору менен алектенген жана портал менен иштеген жарандык коом уюмдарынын (ЖКУ) өкүлдөрү менен 2 интервью өткөрүлдү:

Аскарбеков Айбек – “Жарандык катышуу” коомдук фондунун проекттеринин координатору;

Джуманазарова Аида – “Эл аралык коммерциялык эмес укук борбору” эл аралык уюмунун директорунун орун басары жана ченем жаратуу боюнча эксперт.

**3.Сурамжылоо:**

Жарандык коом уюмдарынын (ЖКУ) жана активисттердин мындай аянтчалар зарыл болуп-болбогону, ошондой эле порталдын натыйжалуулугун жогорулатуу тууралуу пикирлерин угуп көрүү үчүн сурамжылоо жүргүзүлдү.

Мындан тышкары, комментарийлер андан ары эске алынып-алынбагандыгын аныктоо максатында сайтка жарыялоого жооптуу мамлекеттик органдардын кызматкерлери арасында сурамжылоо жүргүзүлдү.

**4.Жарандык активисттер жана мамлекеттик органдардын кызматкерлери менен жолугушуу:**

19-августта ЖКУлардын жана мамлекеттик органдардын өкүлдөрү менен Meetup форматында жолугушуу болуп өттү, анда биз аларды изилдөөнүн жыйынтыктары менен тааныштырып, сын-пикирлерин жана сунуштарын алдык.[7] Жолугушуунун катышуучуларынын сунуштары жана сын-пикирлери тиешелүү бөлүмдөрдө камтылган.

---

*6. Маектерге шилтемелер:*
*Сайра Ызакова менен маек https://drive.google.com/file/d/1TupsP7L13IhtjNXnBxPhGbdk1mfZwGxq/view?usp=sharing*
*Аида Джуманазарова менен маек. https://us02web.zoom.us/rec/play/DtJsJa3TaZSetXYvE4uSCG0kEmiT8GB4qmBHL-lO4S7BZS_tssK3SWYeyHYZFdGT9t5DsUzykKIoIQa8.JcxdsmzYTW-tGuH1 Кирүү коду: Bq!2?Ydj*
*Айбек Аскарбеков менен маек.*
*https://us02web.zoom.us/rec/play/_7zd2x14WSB8NQ3Hjt9oVtd4arHGBagv9Slf1TO0dH7nmxJuUfmvVyp46uM7mM_Zc3UhwC98TbL2mdQP.uBPneNU4HiFYu6iB Кирүү коду: Y02^VRsG*
*7. Meetup – бул жумушчу маселелерди талкуулоо жана тажрыйба алмашуу үчүн адистердин бейформал жолугушуусу.*

# I. Порталдын укуктук абалы жана анын ишин жөнгө салуу

КРдин Конституциясынын 37-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын жарандары мыйзамдарды, республикалык жана жергиликтүү маанидеги чечимдерди талкуулоо жана кабыл алуу процесстерине катышууга укуктуу.

Интернетте “коомдук талкуу” түшүнүгү төмөнкүчө ачыкталган: “Бул жарандардын кызыкчылыктарын козгогон актуалдуу жана чечилиши кыйын болгон социалдык маанидеги маселелерге (алардын ичинде билим берүү) коомчулуктун кеңири көңүлүн буруууга багытталган коомдук көзөмөлдүн бир түрү[8]”.

К

Рдин мыйзамдары “коомдук талкуулоо” деген эмне экенин аныктабайт, бирок “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” КР Мыйзамынын 22 жана 23-беренелери коомдук талкууларды өткөрүүнүн тартибин жана мөөнөттөрүн жөнгө салат. 22-беренеге ылайык, жарандардын жана юридикалык жактардын кызыкчылыктарына тикелей тиешеси болгон, ошондой эле ишкердик иш-аракетти жөнгө салуучу ЧУА долбоорлорун иштеп чыккан органдар керектүү документтерди тиркеп, долбоорлорду коомдук талкуулоого чыгаруу зарыл. Төмөндө коомдук талкууну өткөрүү тартибин көрсөткөн мыйзамдын 22-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрүнөн үзүндү келтирилген[9]:

**ЧУА долбоорун талкуулоо ченемдик укуктук актыны иштеп чыккан субъект тарабынан төмөнкүдөй жолдор менен камсыз кылынат:**

- ченемдик укуктук актынын текстине жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу;
- коомдук талкууга катышуучулардан түшкөн сунуштарды кабыл алуу, карап чыгуу жана жалпылоо;
- келип түшкөн сунуштар тууралу аларды ченемдик укуктук актынын долбооруна киргизүүнүн же киргизбөөнүн себептерин негиздөө менен, коомдук талкуулоонун жыйынтыктары боюнча жыйынтык маалыматты даярдоо. Жыйынтык маалымат ченемдик укуктук актынын долбооруна карата маалымкат-негиздемеде чагылдырылат.

**Ченем жаратуу иш-аракетинин субъекти талкуунун предметине тиешелүү маалыматтарды жарыялоого милдеттүү, анын ичинде:**

- ченемдик укуктук актынын долбоорунун текстин;
- ченемдик укуктук актыны кабыл алуу зарылдыгынын негиздемесин;
- долбоорду иштеп чыгууга катышкан, ошондой эле актынын долбоору алдын ала макулдашылган адамдардын жана уюмдардын тизмегин;
- финансылык-экономикалык эсептөөлөрдү, жүргүзүлгөн экспертизалардын корутундуларын;
- статистикалык маалыматтарды;
- ченемдик укуктук актынын иштелип чыккан долбоору жөнгө салуучу коомдук мамилелердин чөйрөсүндө мыйзамдардын мониторинги жана аларга баа берүү жөнүндө маалыматты;
- даярдалган ченемдик укуктук актыны колдонуунун мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук жана башка натыйжаларынын божомолун;
- ченемдик укуктук актынын долбоорун даярдаган субъектинин байланыш маалыматтарын (дарегин, анын ичинде электрондук, факсимилдик кабарларды кабылалуучу телефон номерлерин),ошондой эле сунуштарды жана сын-пикирлерди кабыл алууга жооптуу аткаруучунун фамилиясын, атын жана байланышуучу маалыматтарын;
- мамлекеттик же мыйзам менен корголуучу башка жашыруун сырларды камтыган маалыматтарды кошпогондо, ченемдик укуктук актынын долбоорунун жоболорун негиздөө үчүн зарыл болгон башка маалыматтарды.

КРдин Конституциясынын 85-беренесине ылайык, **мыйзам чыгаруу демилге укугу[10] төмөнкүлөргө таандык:**

- 10 миң шайлоочуга (элдик демилге);
- Президентке;
- Жогорку Кеңештин депутаттарына;
- Министрлер Кабинетинин Төрагасына;
- өзүнө тиешелүү маселелер боюнча Жогорку сотко;
- Элдик Курултайга;
- өзүнө тиешелүү маселелер боюнча Башкы прокурорго.

---

*8. Общественные Обсуждения и Слушания. http://www.gouo.ru/AZBUKA_GOU/O/Obshchestvennye_Obsuzhdeniya_I_Slushaniya.html*

9. *2009-жылдын 20-июлундагы № 241 “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин 2 жана 3 бөлүктөрү (2020-жылдын 3-апрелиндеги редакцияда). http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202591?ysclid=l6s2scc82o269100722*

*10. Эскертүү: Мыйзам чыгаруу демилгеси - мыйзам чыгаруучу органдын мыйзамды кабыл алуу, өзгөртүү же жокко чыгаруу үчүн мыйзам долбоорун же мыйзам чыгаруу сунушун киргизүүсүндөн турган мыйзам чыгаруу процессинин этабы. Булак: https://inlnk.ru/AKZ2Bg*

# I. Порталдын укуктук абалы жана анын ишин жөнгө салуу

КРдин мыйзамдары "коомдук талкуулоо" деген эмне экенин аныктабайт, бирок "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" КР Мыйзамынын 22 жан

ЧУА долбоорун коомдук талкууга чыгарган ар бир орган/жак аны өзүнүн расмий сайтында же жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу жарыялоого милдеттүү. Министрликтер жана комитеттер тарабынан иштелип чыккан ЧУА долбоорлору Министрлер Кабинетинин сайтында же "Коом талкуу" сайтында (порталда) жарыяланат.

2021-жылдын октябрь айында Кыргызстандын Юридикалык клиникалар ассоциациясы "Коом талкуу" сайтынын иши боюнча тегерек стол өткөрдү. Анда министрликтин өкүлдөрү порталдын статусу азырынча аныктала электигин жана ЧУА жөнүндө мыйзамдын талабы боюнча долбоорлор расмий сайтта милдеттүү түрдө жарыяланыш керек экенин белгилешти. Ошондуктан министрликтер жана ведомстволор тарабынан иштелип чыккан бардык ЧУА долбоорлору Министрлер Кабинетинин сайтында "ЧУА долбоорлорун талкуулоо" бөлүмүндө жарыяланат.[11]

Ал эми "Коом талкуу" сайтында бардык ЧУА долбоорлору жарыялана бербейт, анткени бул үчүн талап коюлган эмес. Ошентип, 2 сайттын иши кайталанып, кызматкерге кошумча жүк болуп жатат. 2022-жылдын 26-майында КРдин Министрлер Кабинетинин порталдын ишин ишке ашыруу боюнча буйругуна[12] өзгөртүү киргизилди. Эми порталды эксплуатациялоо тартибинин 8-пунктунун 1-пунктчасында төмөнкүдөй жазылган:
*Иштеп чыгуучу органдын жооптуу адистери ЧУА долбоорун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана башка ченем жаратуучу органдын расмий сайтына жарыялагандан кийин коомдук талкуулоо жол-жоболорун жүргүзүү үчүн аны Бирдиктүү порталга жайгаштырат.*

Адегенде портал бардык ченем жаратуучу органдар өз долбоорлорун сайтка жарыялап, жарандар үчүн долбоорлордун мазмуну менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо максатында бирдиктүү аянтча катары түзүлгөн. Бирок ушул портал Министрлер Кабинетинин 2020-жылдын 17-августундагы буйругунун негизинде иштеп жаткандыктан, аткаруу бийлик органдары үчүн гана милдеттүү. Ал эми кээ бир иштеп чыгуучулардын ЧУА долбоорлорун порталда жайгаштырбаганы, коомдук талкуулоо үчүн түзүлгөн порталдын системалаштырылуусуна тоскоолдук жаратууда. Маселен, Президент, Жогорку Кеңештин депутаттары, Башкы прокуратура сыяктуу иштеп чыгуучулар өздөрүнүн долбоорлорун өз сайттарында жарыялоодо.[13]

Портал 2 жыл мурун түзүлгөнүнө карабастан, ал дагы эле сыноо (пилоттук) режиминде турат. Министрлер Кабинетинин 2020-жылдын 17-августундагы биринчи буйругуна[14] ылайык, портал пилоттук режимде 2021-жылдын 1-мартына чейин иштемек, бирок ушул мөөнөттөр 3 жолу жылдырылды. Башкача айтканда, порталдын иштөөсүнүн укуктук статусу азырынча анык эмес. ЧУА жөнүндө мыйзамында портал жана онлайн коомдук угууларды уюштуруу жөнүндө эч кандай сөз жок.

11. *Кабминдин расмий сайты: https://www.gov.kg/ru/npa/c/discussion*
*12. КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-августу № 277-б буйругу Ченем жаратуу ишинин сапатын жогорулатуу, жарандардын мыйзамдарды, республикалык жана жергиликтүү маанидеги чечимдерди талкуулоого жана кабыл алууга катышуу боюнча конституциялык укуктарын ишке ашыруу жөнүндө http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/218234*
13. *Мыйзам долбоорлору - Кыргыз Республикасынын Президентинин расмий сайты. http://www.president.kg/ru/apparat_prezidenta/zakonoproekty* . *КР Башкы прокуратуранын сайты https://www.prokuror.kg/ru/page/category/14*
14. *Порталдын иши жөнүндө КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-августу № 277-б буйругу http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/218234/10?cl=ru-ru*

# II. Порталдын иши тууралуу малыматтардын мүнөздөмөсү

Портал koomtalkuu.gov.kg домени менен иштеп, начар көргөндөр үчүн версиясын жана эки тилдеги (кыргыз жана орус) интерфейсти камтыйт.
Порталда төмөнкү 15 категория бар: үй-бүлө, курулуш; социалдык камсыз кылуу; жер, жер казынасы жана курчап турган чөйрө; билим берүү, илим, маданият жана туризм; финансы; тышкы саясат жана эл аралык укук; мамлекеттик түзүлүш; укуктук маселелер; саламаттык сактоо; өнөр жай; коомдук тартип жана коопсуздук; транспорт жана коммуникация; экономикалык иш; айыл чарбасы жана “түрдүү” категориясы

**Портал өзү анын функцияларын төмөнкүчө сүрөттөйт[15]:**
1. Портал жарандар тарабынан айтылган бир нече веб-сайттар аркылуу мыйзам чыгаруу демилгелерине көз салуунун ыңгайсыздыгы жана татаалдыгы боюнча көйгөйдү чечет.

2. Ал кеңири издөө системасына ээ жана жарандарга долбоорлорго сын-пикирлерди, сунуштарды, суроолорду калтырууга мүмкүндүк берет, ал эми аларга ченемдик укуктук актылардын долбоорлорунун демилгечилери белгиленген мөөнөттө далилдүү жоопторун беришет. Порталдагы баардык талкуулар, анын ичинде иштеп чыгуучулардын жооптору ачык болот.

3. Жарандар өздөрү үчүн маанилүү демилгелерди талкуулоону өткөрүп жибербөө үчүн, Порталда, мыйзамдардын тармагы боюнча же ачкыч сөз менен жаңы ченемдик укуктук актылардын долбоорлору жөнүндө автоматтык билдирмелерди алуу үчүн жазылсаңыз болот. Мисалы, Сизди социалдык жөлөкпул маселелери кызыктырса, анда “социалдык жөлөкпулдар” ачкыч сөздөрүн колдонуп Порталдагы билдирүүлөргө жазыла аласыз. Бул учурда, ар бир демилге Порталга жүктөлгөн сайын, анда “социалдык жөлөкпул” деген сөздөр эскертилсе, бул тууралуу Сиз электрондук почтаңызга билдирүүлөр келип турат. Ошентип, Сиз үчүн маанилүү демилгелерди өткөрүп жибербейсиз жана ал боюнча өз оюңузду айта аласыз.

4. Портал коомдук талкуулоонун баскычы аяктагандан кийин, ченемдик укуктук актылардын долбоорлору кабыл алынганга чейин анын андан аркы кадамдарын байкап турууга, ошондой эле анын кабыл алынган тарыхын бардык коштолуучу документтер менен белгисиз мөөнөткө сактоого мүмкүндүк берет. Ченемдик актынын долбоорун кабыл алуу тарыхы, маалымкат-негиздеме жана ага коштолуучу башка документтер келечекте ушул ченемдик актыны иштеп чыгууда кандай идеялар жана максаттар тургандыгын түшүнүү үчүн аны чечмелөөдө да колдонулушу мүмкүн.

5. Буга чейин колдонулуп келген ченемдик укуктук актылардын долбоорун талкуулоого катышуудан тышкары, жарандар Портал аркылуу белгилүү бир мыйзамды же мыйзам алдындагы актыны өзгөртүү боюнча өз ойлорун сунуштай алышат. Кийин сунуштар мамлекеттик органдар тарабынан да колдоого алынышы мүмкүн.

Эми биз жогоруда аталган порталдын функцияларын, ошондой эле бул функциялар кандайча колдонулат жана колдонуучу үчүн канчалык ыңгайлуу экенин талдайбыз.

*15. Портал жөнүндө | коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталы: http://koomtalkuu.gov.kg/ru/article/o-portale*

## 1.Күткөнүбүз:
## “Коом талкуу” – бул түрдүү иштеп чыгуучулардын бардык ЧУА долбоорлорун талкуулоо үчүн түзүлгөн бирдиктүү аянтча.

### Иш жүзүндө: Порталды негизинен министрликтер жана ведомстволор гана колдонушат.

Порталда көрсөтүлгөн иштеп чыгуучулардын арасында төмөнкү мамлекеттик органдар бар:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттик;
2. Кыргыз Республикасынын Жогорку соту;
3. *Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлиги;*
4. Кыргыз Республикасынын Президенти;
5. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши;
6. *Кыргыз Республикасынын Өкмөтү[16];*
7. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы;
8. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы;
9. Жергиликтүү кеңештер;
10. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети;
11. *Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы;*
12. Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы;
13. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы;
14. *Мамлекеттик бажы кызматы;*
15. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы.

Жогоруда курсив менен Министрлер Кабинетинин курамына кирген, башкача айтканда аткаруу бийлигинин курамына кирген органдар белгиленген.

Порталда жарыяланган 989 ЧУА долбоорунун 92,7%ы Министрлер Кабинетине же анын ведомстволоруна таандык. 4 долбоор же 0,4% Жогорку Соттун (Сот департаменти жана Жогорку Сот), 5,6%ы Улуттук банктын жана 1,3%ы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу органдардын (Улуттук статистика комитети жана Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия) өкүлдөрү тарабынан жарыяланган. Графикте аткаруу бийлик органдарынын артык болуусу министрликтердин саясатты аныктоочу орган болуп саналгандыгы жана өз ишмердүүлүгүн ченемдик укуктук актылар менен бекитип жүргүзгөндүгү менен түшүндүрүлөт.

Ошону менен бирге, ишмердүүлүгү мыйзамдарга түздөн-түз тиешеси бар органдардын бири КРдин Жогорку Кеңеши болуп саналат, анткени анын депутаттары мыйзам долбоорун кабыл алууну сунуштай алышат. Бирок ЖК порталды колдонбой, ЧУА долбоорлорун өз сайтында жайгаштырат. 2021-жылы жаңы Конституция кабыл алынгандан кийин мыйзам чыгаруу демилгеси Президентке, Башкы прокуратурага дагы таандык болуп калган, бирок алар ЧУА долбоорлорун порталда эмес, өз сайттарына гана жайгаштырышат. Жогоруда аталган органдардын порталды колдонуусу үчүн биринчиден сайттын укуктук статусун жана аны колдонуу милдеттүүлүгүн мыйзам менен бекитүү зарыл.

Бул маселени КР Юстиция министрлигинен Сайра Ызакова дагы маегинде белгилей кетти. Анын айтымында, алгач портал бардык ченем жаратуучу органдар үчүн бирдиктүү аянтча болот деп пландаштырылган. Бирок биз мурун айтка кеткендей, аны милдеттүү түрдө министрликтер менен ведомстволор гана колдонушат, анткени ал Министрлер Кабинетинин буйругу менен бекитилген. Эгерде порталды ченемдерди жаратуу боюнча чечим кабыл алган башка органдар жана жактар дагы колдоно баштаса, анда портал чечимдерди кабыл алууда ачык-айкындуулукту камсыз кылуучу аянтча, ошондой эле ар кандай маселелер боюнча аналитикалык иштерди жарыялоо үчүн база болушу мүмкүн.
ICNL уюмунун өкүлү Аида Джуманазарованын ою боюнча, “Коом талкуу” порталы келечекте депутаттар жана журналисттер мыйзам долбоорлору кандай ой-пикирлерди жаратканын, бул тема боюнча кандай аналитикалык иштер жана аргументтер бар экенин көрсөтө турган база боло алат.

**92,7%** ***ЧУАнын долбоорлору «Коом талкуу» порталында Министрлер Кабинети же анын ведомстволору тарабынан жарыяланат.***

*16. Азыркы учурда - Министрлер Кабинети. Анын курамына бардык министрликтер жана мамлекеттик бийлик органдарынын ведомстволору кирет.*

## 2.Күткөнүбүз:
## Портал сын-пикирлер жана сунуштар аркылуу иштеп чыгуучунун жарандар менен өз-ара аракеттешүү мүмкүнчүлүгүн түзөт.

### Иш жүзүндө: комментарийлердин 57%ы жоопсуз.

Портал иштеген 2 жыл ичинде 597 катталган колдонуучу 244 комментарий калтырган.

Порталдын таблицасына ылайык, долбоорлордун арасынан көпчүлүктүн кызыкчылыгын козгогон же резонанстуу эффекти бар мыйзам долбоорлору көбүрөөк каралып, комментарийлерди чогултат. Мисал үчүн, КРдин Юстиция министрлиги тарабынан жарыяланган “Гильотина жөнүндө” мыйзам долбоору 2021-жылы жүргүзүлгөн инвентаризациялоонун алкагында “гильотина” принцибинин колдонулушун камсыз кылууга багытталган. Анда тизмеге кирген мыйзамдар массалык түрдө жараксыз таанылат деп сунуштаган. Бул мыйзам долбоору 3000ден ашуун жолу каралып, 16 комментарий алган, алардын бардыгына ЮМ жооп берген[17]. Ошондой эле 1000ден көп көрүүлөрдү төмөнкү мыйзам долбоорлору алган:
- КРдин мамлекеттик тили жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын креативдүү индустриялар паркы жөнүндө мыйзам долбору;
- "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;
- “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу.

Бул жарандардын жана коомдун мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттешкендигинин жана өз кызыкчылыктарын жана укуктарын козгогон мыйзам долбоорлорун талкуулоого катыша алгандыгынын жакшы мисалы. Бирок буга активдүү өз ара аракеттешүү менен гана, башкача айтканда иштеп чыгуучулар комментарийлерге өз убагында жана негиздүү жооп бергенде, жетсе болот. Азыр болсо, тилекке каршы, порталда калтырылган комментарийлер боюнча статистиканын көрүнүшү төмөнкүдөй:
**50сү эске алынды. 115и жоопсуз калды. 37си жоопторун кеч алды.**

Жарымдан ашуун комментарийлер жоопсуз калды, ал эми эске алынган комментарийлердин саны 25% түздү. Ошол эле учурда комментарийлер кандай критерийлер боюнча кабыл алынып, эске алынары белгисиз, анткени порталды колдонуу тартиби муну жөнгө салбайт. КРдин Юстиция министрлигинин өкүлү маегинде ар бир мамлекеттик органдын сайт менен иштөө маселелерин, ошондой эле комментарийлерди иштеп чыгуу тартибин жөнгө салган ички документин кабыл алуусу керек экенин белгиледи. Бирок мамлекеттик органдардын бардыгында мындай документтер жана саясат бар же жок экендиги белгисиз. 19-августтагы жыйында ИИМ кызматкерлери портал менен иштөө бир гана адамга тапшырылганын белгилешти. Алардын айтымында, ушул кызматкердин эс алууга же ооруп калуу өргүүсүнө чыкканы менен кээ бир комментарийлер жоопсуз калат. Анын үстүнө кызматкерлер кээде бошобогонуна байланыштуу комментарийлерди өз убагында окуп чыгууга жетишпей же унутуп калышы мүмкүн. Ошондуктан, платформанын колдонуучуларынын сын-пикирлери жана сунуштары менен иштөө боюнча бирдиктүү саясатты иштеп чыгып, жооптуу кызматкерлерге үйрөтүп, ошондой эле комментарийлерди текшерүү зарылчылыгы жөнүндө билдирүүлөрдү же эскертүүлөрдү алуу функциясын кошуу керек.

**57%** ***порталдагы комментарийлерге жооп берилген эмес.***

*17. “Гильотина жөнүндө” долбооруна шилтеме http://koomtalkuu.gov.kg/kg/view-npa/877*

# 3.Күткөнүбүз:
# Портал – бул колдонуучулар үчүн ыңгайлуулук.

## Иш жүзүндө: портал менен иштөөдө бир нече кыйынчылыктар бар.

Порталдагы колдонуучунун интерфейси жагымдуу жана жөнөкөйлөштүрүлгөн. Анда өтө чоң көлөмдөгү маалымат камтылбайт дагы, колдонуучулар үчүн инструкциялар, анимация жана визуалдык материалдарды тапса болот. Сайт маалымат менен таанышуу үчүн эле эмес, атайын колдонуу үчүн жасалгандыгы менен ыңгайлуу. Ошондой эле порталда өзгөчө муктаждыктары бар адамдар үчүн шрифтти жана түстүү схеманы өзгөртүү мүмкүнчүлүгү бар.

**Ошол эле учурда порталдын айрым кемчиликтери бар:**

**Ыңгайсыз издөө системасы.** «Жарандык катышуу» коомдук фондунун кызматкери Айбек Аскарбеков маекте белгилегендей, порталдын издөө системасы кээде иштен чыгат, анын үстүнө MacOS платформасын колдонгондор үчүн порталдын системасы документтерди жүктөөдө ыңгайсыз.

**Мыйзам долбоорлорунун максаттары белгисиз.** ЧУА долбоору эмнеге багытталганын табуу үчүн кээде текстти толук окуп чыгууга туура келет, анткени негизги маалыматты көрсөткөн таблицада "максат" графасы туура эмес толтурулган. Иштеп чыгуучулар документтерди жүктөгөндө, негиздеме-маалымкаттын бир бөлүгүн көчүрүп, бул долбоорду эмне себептен кабыл алуу керек жана кандай жыйынтыктар күтүлүп жатканын так көрсөтүшпөйт. Мисалы, "Кыргыз Республикасында саламаттык сактоону каржылоонун бирдиктүү төлөөчү системасы жөнүндө" КРдин Мыйзамынын долбоорунун "максат" графасында төмөнкүдөй жазылып турат: «Кыргыз Республикасында саламаттык сактоону каржылоонун бирдиктүү төлөөчү системасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун жаңы редакцияда бекитүү жана 2003-жылы кабыл алынган«Кыргыз Республикасында саламаттык сактоону каржылоонун бирдиктүү төлөөчү системасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын күчүн жоготту деп табуу[18]. Жаңы мыйзамды кабыл алуунун кандай зарылчылыгы бар экени белгисиз. Сайттын бардык колдонуучулары юрист эмес экенин эске алып, "Мыйзам долбоорунун максаты" графасын жеткиликтүү жана жөнөкөйлөштүрүлгөн формада толтурууну зарыл деп эсептейбиз.

**Иштеп чыгуучулардын байланыш контактылары жок**. "Иштеп чыгуучу" графасында мамлекеттик орган гана көрсөтүлгөн, ал эми жооптуу адамдын жана документти иштеп чыккан бөлүмдүн байланыштары жок. Бул нерсе мамлекеттик органдын ишинин бир нече багыттары болгондо кыйынчылыктарды жаратышы мүмкүн. Байланыш контактылары кээ бир пункттарды тез тактап алуу же кошумча материалдарды талап кылуу үчүн керек. Мисалы, биз 2021-жылы соцтематика программасын бекитүүнү сунуштаган токтом долбоору менен таанышып, бир нече сын-пикирлерди калтырганбыз, бирок жооп ала элекпиз. Ошондо иштеп чыгуучуларга түз кат жазууга туура келди. Бирок 2021-жылы Социалдык өнүктүрүү министрлигинин функциялары Саламаттыкты сактоо министрлигине өткөндүктөн, министрликтин өзүнө кат жөнөтүп, эки жума жооп күтүүгө аргасыз болдук. Бирок Саламаттыкты сактоо министрлиги эки катыбызга тең жооп берген жок.

**Мобилдүү версиясынын жоктугу.** Кыргызстандагы CabarASIA агенттигинин маалыматы боюнча, 15 жаштан улуу курактагы калктын 72% негизинен мобилдик байланышты колдонот.[19] Санариптештирүү жана маалыматты визуализациялоо доорунда колдонуучулар маалыматты тез жана оңой табуу үчүн смартфондорду көбүрөөк колдонушат. Демек, сайттын мобилдүү версиясы же мобилдик тиркеме колдонуучулардын санын көбөйтүп, алардын комментарийлерге жетүүсүн жеңилдете алат.Сайттын өзүндө жазылгандай: Портал жана мобилдик тиркеме жарандардын мамлекеттик чечимдерди кабыл алууга катышуусун жеңилдетет[20]. Бирок порталдын мобилдик версиясы иштелип чыга элек.

**Маалыматтардын жаңыртылышы оперативдүү жүргүзүлбөйт.** Портал автоматтуу түрдө жаңыланган интерактивдүү статистикасы менен ыңгайлуу. Бирок порталдагы бардык бөлүмдөр өз убагында жаңыртыла бербейт. Ошентип, жаңылыктар бөлүмү 2021-жылдын декабрынан бери жаңыртылган эмес, ошондой эле статистика бөлүмүндө сайт трафиги боюнча маалымат жок.[21]

***Порталдын колдонуучу интерфейсин жакшыртуу зарыл.***

18. "Кыргыз Республикасында саламаттык сактоону каржылоонун бирдиктүү төлөөчү системасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору http://koomtalkuu.gov.kg/kg/view-npa/1906
19. Борбордук Азияда мобилдик байланыш жана интернет кандай өнүгүп жатат: *https://cabar.asia/ru/kak-razvivaetsya-mobilnaya-svyaz-i-internet-v-tsentralnoj-azii*
20. Портал жөнүндө | коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталы *http://koomtalkuu.gov.kg/ru/article/o-portale*
21. Порталдын статистикасы (СЕО) http://koomtalkuu.gov.kg/ru/statistics

## 4. Күткөнүбүз:
## Портал - ЧУА долбоорлору жөнүндө тарыхты жана маалыматты сактоо үчүн колдонулган платформа.

### Иш жүзүндө: Сайт иштеген 2 жыл ичинде 1 гана ЧУА долбоору кабыл алынганы тууралуу маалымат бар.

2022-жылдын 16-августуна карата порталда статистикалык маалымат катары берилген ЧУА долбоорлорунун жалпы саны 989 түздү, анын ичинен:
**Талкууланууда: 51. Аякталган: 918. Кабыл алынган: 1**

Башкача айтканда, жарыяланган долбоорлордун 95% талкуу үчүн жабык, бирок портал иштеген мезгил ичинде 1 гана долбоор кабыл алыныптыр. Интернетте мыйзам долбоорлоруна кол коюлуп, кабыл алынганы тууралуу маалымат мезгил-мезгили менен пайда болот[22]. Ошондуктан порталда талкуудан кийинки этапка өткөн ЧУА долбоорлору боюнча маалыматтар жаңыртылбаса керек. Ошондой эле жолугушууда мамлекеттик органдардын бир нече кызматкерлери порталдын архиви кээде иштебей калып, айрым ЧУА долбоорлорун табуу кыйын болуп жатканын белгилешти.

Жарыяланган 989 ЧУА долбоорлору түрү боюнча:
**жаңы редакцияда - 431**
**колдонулуп жаткан ЧУАга өзгөртүүлөрдү киргизүү керектирген - 558.**

Жогоруда айтылгандай, порталды талдоо, изилдөө, статистиканы алуу жана калк үчүн эң актуалдуу жана кызыктуу категорияларды аныктоо үчүн база жана булак катары колдонсо болот. Порталдын маалыматтары мамлекеттик органдардын ченемдерди жаратуу ишинин көрсөткүчү жана отчету боло алат. Андыктан аларды өз убагында жаңыртып, ошону менен мамлекеттин ишинин ачык-айкындуулугун жана натыйжалуулугун көрсөтүү маанилүү.

**95%** ***Жарыяланган долбоорлордун 95% талкууланып бүткөн, бирок порталдагы маалымат андан ары жаңыланган эмес.***

*22. Мисалы, жакында эле буга чейин порталда жарыяланган «Креативдүү индустриялар паркы жөнүндө» мыйзамга Президент кол койгону тууралуу маалымат чыккан. https://ru.sputnik.kg/20220811/kyrgyzstan-park-kreativnaya-industriya-1066685952.html*

## 5. Күткөнүбүз:
## Портал жарандар үчүн идеяларын жана сунуштарын билдирүү мүмкүнчүлүгүн түзөт.

### Иш жүзүндө: жарандардын сунуштарын иштеп чыгуу маселеси чечиле элек.

“Жарандардын сунуштары” бөлүмүндө 28 сунуш жарыяланган, алгачкысы 2022-жылдын 20-апрелинде жазылды. Башкача айтканда, бул бөлүм жарандар тарабынан жакында эле колдонула баштады. Бирок бардык сунуштарды ушул багытта иштеген же ага тиешеси бар жарандык активисттер жазышкан. Порталды эксплуатациялоо тартиби бул бөлүмдүн ишин жөнгө салуучу эрежелерди камтыбагандыктан, сунуштар андан ары кандайча иштетилери азырынча белгисиз.

Жарыяланган комментарийге кээде жардам бере турган органга кайрылууну сунуштаган жоопту тапса болот[23]. Эгерде жооп алуу үчүн кайра башка органга кайрылуу керек болсо, анда бул бөлүмдүн максатка ылайыктуулугу тууралуу суроолор пайда болуп калат.

Балким, бул бөлүм кийинки жыл үчүн мыйзам чыгаруу иштеринин планын түзүүдө колдонулушу мүмкүн. Маселен, Министрлер Кабинети жыл сайын өзгөртүүлөрдү киргизүү же жаңы редакциясын иштеп чыгуу пландалып жаткан негизги мыйзам долбоорлорун камтыган планды бекитет[24]. Иштеп чыгуучу органдар бул бөлүмдө келерки жылга планды жарыялап, ошентип колдонуучулардын сунуштарын кабыл ала алышат. Ал эми жарандар жана ЖКУлар долбоор менен таанышып, өздөрүнүн сунуштарын бере алышат. Ошентип, иштелип чыккан ЧУА долбоорлорун гана эмес, пландаштырылган долбоорлорду да талкуулоо үчүн бирдиктүү аянтча түзүлөт. Бул приоритеттерди аныктоо жана жарандарды пландаштырууга тартуу аркылуу ченем жаратуунун натыйжалуулугун жогорулатышы мүмкүн. Бирок жыйындын катышуучулары белгилегендей, мыйзам долборлоо иштеринин планы иш жүзүндө иштебейт, анткени планга зарылдыктын негизинде иштелип чыккан мыйзам долбоорлорунун 20%ы гана киргизилет. Ошондуктан мыйзам долборлоо иштеринин планын иш жүзүндө ишке ашырууну эске алуу менен анын механизминин жана аткарылышынын кем жерлерин иштеп бүтүрүү да маанилүү.

Мындан тышкары, жолугушууда “Жарандардын сунуштары” бөлүмүндө Kattar.kg порталын кайталабоо үчүн “ченем жаратууга гана тиешелүү жарыяларды чыгарууга болот” деген маалыматты жайгаштыруу сунушталды. Сунуштар менен иштөөгө келсек, администратор аларды тиешелүү мамлекеттик органга жөнөтүшү мүмкүн.

***Порталдын иштөө тартиби бул бөлүмдүн ишин жөнгө салуучу эрежелерди камтыбайт, ошондуктан сунуштар мындан ары кандайча иштетилери азырынча белгисиз.***

*23. Мисал үчүн, Сейнеп Дыйканбаеванын “Статья 40 Социальная защита особого контингента учащихся” сунушуна жооп http://koomtalkuu.gov.kg/ru/offer-view/40*
*24. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мыйзам долборлоо иштеринин 2022-жылга планы: http://minjust.gov.kg/ru/content/1457*

# III. ЖКУлардын жана мамлекеттик органдардын порталды колдонуу тажрыйбасы

**3.1. ЖКУлардын порталды колдонуу тажрыйбасынын сүрөттөмөсү**

2022-жылдын 30-июнунан 28-июлуна чейин коомдук уюмдардын активисттери жана мүчөлөрү арасында онлайн сурамжылоо өткөрүлдү[25]. Респонденттерди тандоо “кар топу” ыкмасы менен жүргүзүлдү, ал эми анкета 25 суроону камтыган. Сурамжылоого 33 адам катышты, анын ичинен 12си эркек, 21и аял. Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча 33 респонденттин 31инин төмөнкү багыттар боюнча ЧУА долбоорлорун талкуулоого катышуу тажрыйбасы бар:

- адам укуктары (миграция саясаты);
- гендер (мамлекеттик органдарга экспертизаларды тапшыруу, үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу);
- экология (жер казынасын пайдалануу боюнча экспертизаларды тапшыруу);
- саламаттык сактоо (АИВ жана психикалык ден соолукту жана наркологиялык дарылоону камсыз кылуу);
- билим берүү системасы;
- мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктарын коргоо;
- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- саясат.

Юстиция министрлиги “Коом Талкуу” сайтынын ачылгандыгы тууралуу 7 респондентке гана маалымат бериптир, бирок порталдын иштегендиги тууралуу билген респонденттердин саны 23 түздү. Бул 7 адамдын 6сы - жарандык сектордун өкүлдөрү. Жарымынан көбү (18 респондент) - бул сайттын колдонуучулары. Анын ичинен үчөө гана сайтты ишке киргизилгенден бери, калгандары акыркы алты ай же бир жылдан бери колдонуп келет. Респонденттер “Коом Талкуу” сайты жөнүндө эң көп маалымат жумушчу жолугушууларда/иш-чараларда алышты.

Респонденттер “Коом талкуу” сайтын үч негизги максатта колдонушат:

- мыйзам долбоорлору жана иштеп чыгуучулардын негиздемелери менен таанышуу,
- сунуштарын жана комментарийлерин берүү,
- башка колдонуучулардын сын-пикирлери менен таанышып чыгуу.

Респонденттердин жарымынан азы (13 киши) ЧУА долбоорлору боюнча сын-пикирлерин жана сунуштарын калтырышкан.

Респонденттердин оюу боюнча, “Коом Талкуу” сайтында төмөнкү көйгөйлөр бар:

- Кайтарым байланыш. Сунуштарды жайгаштыргандан кийин 6 гана адам кайтарым байланыш алышкан. Ошондой абал колдонуучулардын комментарийлери менен да пайда болот. Бирок порталды эксплуатациялоо жол-жобосунун талаптарына ылайык, мамлекеттик органдар комментарийлерге 7 жумушчу күндүн ичинде жооп берүүгө милдеттүү.
- Респонденттердин биринин айтымында, мыйзам долбоорунун акыркы варианты каралып чыккандан кийин сайтта көрсөтүлгөн эмес.
- Сайттын ыңгайсыз функционалы: начар издөө системасы, тармактар боюнча бөлүмдөрдүн ийгиликсиз көрсөтүлүшү, комментарийлерге өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.
- Мобилдүү версиясынын жоктугу.
- Президент, Башкы прокуратура, Жогорку Сот тарабынан сунушталган ЧУА долбоорлорунун жоктугу.

25. ЖКУлар арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары: https://docs.google.com/forms/d/1rvfoADz4xNZAkW1eVBauMT4JozrbJGWuzD3tnyPyaNU/edit?usp=sharing

# III. ЖКУлардын жана мамлекеттик органдардын порталды колдонуу тажрыйбасы

### 3.2. Мамлекеттик органдардын порталды колдонуу тажрыйбасынын сүрөттөмөсү

26-июлдан 29-июлга чейин "Коом талкуу" сайтын колдонгон мамлекеттик органдардын кызматкерлери арасында онлайн сурамжылоо жүргүзүлдү [26]. Сурамжылоого жалпысынан 7 мамлекеттик орган катышты:

- КРдин Билим берүү жана илим министрлиги;
- КРдин Ички иштер министрлиги;
- КРдин Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги;
- КРдин Экономика жана финансы министрлиги;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги;
- Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы.

Жогорудагы ведомстволорунун кызматкерлери "Коом талкуу" сайтын мыйзам долбоорлору жана иштеп чыгуучунун негиздемеси менен таанышуу, мыйзам долбоорлорун/ЧУА долбоорлорун жарыялоо, башка колдонуучулардын сын-пикирлерин окуу жана өз сунуштарын киргизүү үчүн колдонушат. Бул сайттын иштегендиги тууралуу мамлекеттик органдардын жети кызматкерлеринин бирөөсү гана билбейт; калгандары белгилегендей, Юстиция министрлиги аларга "Коом Талкуу" сайты ачылгандыгы тууралуу кабарлады.

Министрлер Кабинети мамлекеттик органдарга "Коом Талкуу" сайты менен иштөө талабын койгон, ал эми жооп берген 7 мамлекеттик органдын 4үндө ЧУА долбоорлорун жарыялоодо сайтты пайдалануу жобосу бар.

Мамлекеттик органдарда сайтта иштөө үчүн жооптуу адам катары министрликтин кызматкери/куратору саналат. Ал башка кызматкерлерге порталга кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат дагы, жарыяларды көзөмөлдөйт. Сайт иштей баштагандан бери мамлекеттик органдардын кызматкерлери тарабынан актуалдуулугу боюнча кароого алынган 102 ЧУА долбоорлору жарыяланды, ошол эле убакыттын ичинде жалпысынан 148 жооп/пикир эске алынды. Респонденттердин айтымында, ЧУА долбоорлоруна сын-пикирлерин калтыргандар менен өз ара аракеттешүү процесси кайтарым байланыш аркылуу жүргүзүлөт, ал эми сунуштар адатта 5-14 күн ичинде каралат.

Сайттын ыңгайлуулугу тууралуу айта кетсек, респонденттердин ою боюнча, порталдын бөлүктөрү түшүнүктүү, бул дээрлик бардык мамлекеттик органдардын сайттарында баары көнгөн структура камтылганы менен түшүндүрүлөт. Бирок, респонденттердин бири төмөнкүдөй белгиледи: "Мен коомдук талкуудан өткөн долбоорлорду "жабык" жана/же "талкуулланууда" статусунда көргүм келет. Ошол эле учурда так издөөнү камсыз кылуу үчүн системаны чакан бөлүмдөргө бөлүп, жакшыртуу керек".

Жыйынтыктап айтканда, мамлекеттик органдар бул сайт менен иштей баштады деп айтса болот. Порталдын функционалы мамлекеттик органдардын сайттарынын структураларынан айырмаланбайт жана анда калтырылган кайрылуулар 5-14 күн ичинде жоопторун алат.

**Бирок респонденттердин жооптору порталдын маалыматтарына карама-каршы келет. Бул карама-каршылыктар байкалган учурларды төмөндө көрсө болот.**



*26. Мамлекеттик органдардын арасында жүргүзүлгөн сурмжылоонун жыйынтыктары: https://docs.google.com/forms/d/1h-_WCDIYZ_CUzWJb154aD_2J8VKkgVqALE2d3kC9598/edit?usp=sharing*

# III. ЖКУлардын жана мамлекеттик органдардын порталды колдонуу тажрыйбасы

Порталды эксплуатациялоо тартибинде сын-пикирлерди кароо жана аларга жооп берүү үчүн 7 күндүк мөөнөт каралган, башкача айтканда, мамлекеттик органдардын кайрылууларды кароо мөөнөтү бузулган. Ошентип, порталдын статистикасы көрсөткөндөй, 244 комментарийдин 37си белгиленген мөөнөттөн кийин каралган, ал эми 115 комментарий такыр жооп алган эмес. Башкача айтканда, 92 комментарий (37,7%) гана каралып, өз убагында жооп берилген.
 Ошондой эле мамлекеттик органдардын бири белгилегендей, “*КРдин мыйзамдарына ылайык келген бардык сунуштар жана сын-пикирлер эске алынды*”, бирок эске алынган комментарийлердин тизмесинде бул органдын маалыматтары жок[27]. Дагы бир мамлекеттик орган белгилегендей, ал 56 ЧУА долбоорун талкууга жарыялаган жана анын тарабынан 126 комментарийлер эске алынган/каралган. Бирок порталда “билим берүү, маданият жана туризм” деген темада болгону 49 ЧУА долбоору жарыяланган[28]. Ал эми бул орган эске алынган комментарийлер тизмесине кирбегендиктен, так кайсы жана канча комментарий эске алынганы белгисиз.

Бардык респонденттерди эсептей турган болсок, жалпысынан 148 комментарий эске алынган, бирок порталдын маалыматтарынын анализи көрсөткөндөй, портал иштеген бардык мезгил ичинде 50 гана комментарий эске алыныптыр. Ал эми негизинен комментарийлерди кабыл алгандардын тизмесине сурамжылоого катышпаган мамлекеттик органдар кирди. Балким, мамлекеттик органдар ЧУА долбоорлорун талкуулоо мөөнөтү аяктагандан кийин каралган сын-пикирлерди эске алат, бирок бул маселе порталда эч кандай белгиленбейт.

*27. Каралган комментарийлердин жана мамлекеттик органдардын тизмеси: Бирдиктүү порталдын аталышына мониторинг жүргүзүү таблицасы (SEO):* *http://koomtalkuu.gov.kg/ru/comment-statistics/1*
*28. "Билим берүү, маданият жана туризм" категориясындагы ЧУАнын долбоорлорунун тизмеси:* *http://koomtalkuu.gov.kg/ru/search-npa?category=5*

# IV. Корутунду жана сунуштар

**Негизги корутундубуз:** “Коом Талкуу” сайты ЧУА долбоорлору менен таанышуу жана сунуштарды калтыруу аркылуу жарандардын чечимдерди кабыл алуу процесстерине катышууга, ал эми мамлекеттик органдарга коомдун муктаждыктарын жана кызыкчылыктарын чагылдырган кабыл алына турган ченемдик-укуктук актылардын сапатын жогорулатууга жардам берүүчү аянтча болушу мүмкүн. Бирок, портал дагы деле пилоттук режимде иштеп, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдаланбай жатат.

## Себептери жана аларды жоюу боюнча сунуштар:

01

### Портал калк арасында анча популярдуу эмес.

Портал иштеген 2 жыл ичинде болгону 597 колдонуучу катталган. Ошондуктан, сайтты социалдык тармактарда жана ЖМКларда жеткиликтүү жана кызыктуу форматта илгерилетип, калкка порталдын иши тууралуу маалымат берүү маанилүү. Мындан тышкары, мотивация жана сыйлоо системасы аркылуу калкты порталды колдонууга тартуу, ошондой эле ЧУА долбоорлорун талкуулоого катышуунун баалуулугун жайылтуу мүмкүн.

02

### Бардык эле мамлекеттик органдар портал менен иштөөгө кызыкдар эмес.

Порталды колдонууда кызматкерлердин жана мамлекеттик органдардын мотивациясын жогорулатуу зарыл. Балким, ушуга сыйлоо, окутуу, калк менен өз-ара аракеттешүүнүн баалуулугун жана маанилүүлүгүн жайылтуу, керексиз элементтерди дебюрократизациялоо аркылуу жетсе болот. Ошондой эле порталдын колдонуучулары менен өз-ара аракеттешүү боюнча бирдиктүү саясатты иштеп чыгуу зарыл.

03

### Мамлекеттик органдардын сайттарында кээ бир бөлүмдөр кайталанган жана кээ бир субъектилер ЧУА долбоорлорун порталга жарыялабайт.

Порталдын статусун мыйзам деңгээлинде бекитүү жана аны ченем жаратуунун бардык субъектилери үчүн милдеттүү кылуу зарыл. Сунуш катары, иштеп чыгуучулар ЧУА долбоорлору жөнүндө кыскача маалыматтарды өз сайттарында жарыялап, толук маалыматты комментарий калтыруу мүмкүнчүлүгүн камтыган порталга жүктөп, ушул порталга шилтемени сайттарында берсе болот.

04

### Порталдын иштешинде техникалык кыйынчылыктар бар.

Издөө системасын жакшыртып, мобилдүү версиясын иштеп чыгып, комментарийлерди өзгөртүү мүмкүнчүлүгүн кошуп, ошондой эле иштеп чыгуучулардын байланыштарын же реквизиттерин көрсөтүп, сайтты иштеп бүтүрүү керек. Портал мамлекеттик органдардын кызматкерлери үчүн да ыңгайлуу болуш керек, ал үчүн жооп берүүнү эскерткен билдирүү системасын иштеп чыкса болот.

# IV. Корутунду жана сунуштар

05

## “Жарандардын сунуштары” бөлүмүн жакшыртуу керек

“Жарандардын сунуштары” бөлүмүн жакшыртып, ал жерге келерки жылгамыйзам долбоорлоо пландарын сын-пикирлерди жана сунуштарды алуу үчүн киргизсе болот. Ошентип, иштелип чыккан ЧУА долбоорлорун гана эмес, пландаштырылган долбоорлорду да талкуулоо үчүн бирдиктүү аянтча түзүлөт. Бул приоритеттерди аныктоо жана жарандарды пландаштырууга тартуу аркылуу ченем жаратуунун натыйжалуулугун жогорулата алат. Анын үстүнө мыйзам долборлоо иштеринин планын иш жүзүндө ишке ашырууну эске алып, пландын механизминин жана аткарылышынын кем жерлерин иштеп бүтүрүү да маанилүү. “Жарандардын сунуштары” бөлүмүндө Kattar.kg порталын кайталабоо үчүн “ченем жаратууга гана тиешелүү жарыяларды чыгарууга болот” деген маалыматты жайгаштыруу керек. Сунуштар менен иштөөгө келсек, администратор аларды тиешелүү мамлекеттик органга жөнөтсө болот.

06

## Колдонуучулардын сын-пикирлери жана сунуштары орундуу жана негиздүү болушу маанилүү.

Ченемдерди жаратуу татаал процесс экенин эске алганда, колдонуучулардын сын-пикирлери жана сунуштары негиздүү болушу абдан маанилүү. Ушуга жараша, колдонуучулар катары кесипкөй адистерди тартууну сунуштайбыз. Мисалы, илимий чөйрө жана ЖОЖтордун юридикалык факультеттери менен өз-ара аракеттешүүнү күчөтүү керек. Жана ошондой эле ЧУА долбоорлорун илимий жактан изилдөөгө (укуктук жана социологиялык талдоо жүргүзүү аркылуу) студенттерди, магистранттарды жана аспиранттарды тартуу мүмкүн.

07

## Юридикалык факультеттердеги юридикалык техника предметтерине портал менен иштөө темасын киргизүү

Юридикалык факультеттердеги “юридикалык техника” сабагына портал менен иштөө темасы киргизилсе, студенттер портал жөнүндө ЖОЖто үйрөнүп, аны мамлекеттик кызматта иштегенде колдоно алышат. Ошондой эле мамлекеттик кызматкерлерди окутуу процессине портал менен иштөө блогун киргизүү зарыл.